**3-А класстар үчүн берилген тапшырмалар**

**Кл.жет: Барктабасова Н.А.**

**16-март Кыргыз тили сабагы**

**75-сабак Көнүгүү иштөө**

**1-көнүгүү.** Суроолорго жооп бергиле:

-Ден соолукка керектүү нерселер кайсылар?

-Ден соолукка зыяндуу нерселер кайсылар?

-Сагыз пайдалуубу же зыяндуубу?

-Витаминдерди кайдан алабыз?

-Жыл мезгилине жараша кийинбесек эмне болот?

**2-көнүгүү.** 98-беттеги Ак самын ырынан үч сөз алып ,жөндөгүлө.

Үлгү:

Атооч. Самын,

Илик .Самындын,

Барыш.Самынга,

Табыш.Самынды,

Жатыш.Самында,

Чыгыш.Самындан,

**3-көнүгүү.** Ырдын текстинен эки этиш созду алып,жекелик жана көптүк санда өзгөрткүлө.

Үлгү: Мен жуунам. Биз…

Сен … Силер…

Ал… Алар…

**4-көнүгүү.** 98-беттеги Ак самын ырдан беш сөз алып, канча тамга,канча тыбыш бар экенин аныктагыла.

Үлгү: көбүр-5 тамга, 5 тыбыш.

**20-март**

**Чейректик кайталоо.**

**«Биринчи байлык – ден соолук» бөлүмү боюнча тест.**

**1. Эгерде жууп -тазалабасаң, анда алар таарынып, түшө башташат»,- депким айтты?**

А)Айдар

Б)энеси

В)тиштер

**2.Тиштер кантип аппак болуп калышты?**

А)таарынышып

Б)жуубай койгондо

В)жууганда

3.Тиш эмне үчүн ооруйт?

А)көп чайнаса

Б)таза болбосо

В)жөн эле

4.**Тиш паста эмнеге сүйүнөт деп ойлойсуң?**

А)кутуда жатканына

Б)тиштерди тазалаганда

В)эс алып  жүргөнүнө

**5.Кыймыл-аракетти кайсы сөз түркүмү билдирет?**

А)зат атооч

Б)сын атооч

В)этиш

**6.Этиштин жекелик түрүндөгү сөз кайсы?**

А)ойнойм

Б)ойношту                                в)ойноп жатышат

**7.Өткөн чак этиш сөзүн тапкыла?**

А)билет    Б)билди                В)билгени жатат

**8.Этиштин канча чагы бар?**

А)1

Б)2

В)3

**9.Кайсынысы зат атооч менен этиштин айкашынан турат?**

А)жашыл жалбырак

Б)он беш китеп

В)Марат сүйлөдү

**10.Кайсы сөз этиш менен этиштен турган сөз айкаштары болот?**

А)бийик дубал

Б)көп конок

В)ырдап жиберди

**Бышыктоо сабагы.**

**Ак самын**

Көбүр-көбүр ак самын,
Кызматыңды баштагын.
Кулагыма жабышкан,
Чаңды чайып таштагын.
Көбүр-көбүр, ак самын,
Көбүгүндү катпагын.
Чамбыл-чумбул балтырым,
Көтөрүп ур баткагын.
Көбүр-көбүр, ак самын,
Булчуңдарым сергисин,
Маалы менен жуунамын.
Көпкөк тунук суу жаным.

| **Туура жазуу** | **Сөз үйрөнүү** |
|---|---|
| ак самын | чайып таштоо |
| көбүр-көбүр | көбүк |
| жабышкан | чамбыл-чумбул |
| көпкөк | балтырым |
| жуунамын | маалы менен |

**16-март Кыргыз окуу**

**Нооруз айтымын жаттап алгыла.**

Жаңы ыл келди

Эски жыл кетти

Алас-алас-алас,

Ар балээден калас.

Айдан аман,

Жылдан эсен бололу.

Алас-алас-алас,

Ар балээден калас,

Келерки ушул жылга чейин,

Өсүп-өнүп тололу.

Алас-алас-алас,

Ар балээден калас!

Нурмолдо

Дил баяндын темалары.

Мен жакшы көргөн мезгил.

Нооруз майрамы.

Менин сүйүктүү меке

**19-март**

**Бөлүм боюнча кайталоо.**

1. Жаздын  келиши менен айлана-чөйрө кандай болуп калат экен?Бул тууралуу кайсы чыгармадан окудуңар эле?

2.Жаз мезгилинде кайсы майрамдарды  майрамдайт экенбиз? Алар тууралуу окуган чыгармаларыңарды айтып көргүлөчү.

3.Чарбактын жаралышына адамдын кандай салымы бар экен?

4.Үзүлбөй калган гүлдөр  бактылуубу, же үзүлгөн гүлдөр бактылуубу?

5. Нооруз-жаңылануунун майрамы». Бул майрам тууралуу эмнелерди билдиңер?

6.Сүмөлөк кандайча жасалып калыптыр?

7.Гүл жыттанган жаз мезгили силерге эмнеси менен жагат?

Окуу тездигин текшерүү

Темалар: Үзүлбөй калган гүлдөр.

Нооруз

Сүмөлөк

**16- март**

№795 мисалдарды мамыча түрүндө чыгар.

№796 маселенин шартын кыскача түзүп, жообун аныкта.

№797 маселенин жообун аныкта

№ 798 Квадраттын аянтын жана периметрин эсепте.

№799 мисалдарды мамыча түрүндө чыгар.

№ 800 сандарды көбөйтүү менен чоң кичине белги коюп чыгар.

**17-март**

№ 802 мисалдарды толук түшүндүрүү менен чыгар.

№803 маселенин жообун аныкта.

№ 804 тегеректи чий,жана аянтын тап.

№ 805мисалдарды толук чыгар.

№806 теңдемени аныкта.

№ 807 мисалдарды мамыча түрүндө чыгар.

**18-март**

151-бет маселелердин жоопторун аныкта.

№ 809 туюнтмаларды жазып, маанилерин аныкта.

№810 маселенин жообун аныкта

№ 811 маселенин жообун аныкта.

№812 400-(в 15) туюнтмасынын в тамгасы 8,7,0 болгондогу маанилерин тап.

**19- март**

Аныктамаларды жаттагыла.

1.Сандарды салыштыруу

2.Барабардык жана барабарсыздык.

3.Теңдеме түшүнүгү.

4.Нөл менен бүткөн сандарды көбөйтүү.

5.сумманы санга көбөйтүү.

6.Калдыктуу бөлүү.

7.сумманы санга бөлүү

Мекен таануу сабагынан

Кыргызстандын сага жаккан кооз жерлеринин сүрөтүн тарт.

Өтүлгөндөрдү кайталоо.

Адеп сабагынан

Макал лакаптарды жаттоо.

Өтүлгөндөрдү кайталоо.

Класстан тышкаркы окуу

Жомоктор дүйнөсүнон сага жаккан каармандын сүрөтүн тарт.

Өтүлгөндөрдү кайталоо

Көркөм өнөр сабагынан

Түстүү кагаздан гүл жасоо.

Музыка сабагынан

Өтүлгөндөрдү кайталоо.

ТТКН Өтүлгөндөрдү кайталоо